УДК 331.82

М. Казакбаев З. Казакбаева

# ӨМҮР КООПСУЗДУГУНА ОКУТУУ КОНЦЕПЦИЯСЫН ИШТЕП ЧЫГУУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИНИН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ

*Макалада мезгилдеги өтө актуалдуу маселелердин бири болгон адамдардын өмүрүнө, анын кырсыка учурабай иштешине арналды. Өмүр коопсуздугун окутуунун педогогикалык концепциясын киргизүү, аны системалуу үзгүлтүксүз окутуу мектепке чейинки мекемелерде өмүр коопсуздугуна тарбиялоо маселелери берилди.*

---

Адамдын өмүрүн сактоо, кырсыкка учурабай иштешине, ден соолугуна кам көрүү мамлекеттик иш болуп саналат. Ошондуктан Кыргызстанда 1999-жыл ден соолуктун жана ага кам көрүүнүн жылы деп бекеринен жарыяланган жок. Адамдардын ден соолугуна жана коопсуз иштешине шарт түзүү азыркы коомдун эң негизги маселелеринен болуп саналат. Адам жашоо тиричилигинде дайыма эмгектенүү процессинде болот. Эмгек качан гана ал адам коопсуздук техникасын сактап, өмүрүнө жана ден соолугуна зыян келтирбеген шартта иштегенде гана ийгиликке жетет.

Бүткүл дүйнөлүк эмгекти коргоо уюмунун (МОТ) маалыматына караганда, дүйнөдө жылына 50 млн. адам кырсыкка (күнүнө 160 миң) учурайт.

Азыркы коом жаратылыштык, экологиялык, техногендик жана социалдык коркунучтун жана кырсыктын таасири астында көп моралдык жана экономикалык жоготууга учуроодо.

Кийинки мезгилде мектеп окуучуларынын ден соолугу начарлоо, травма алуу тенденциясы байкалууда. Базарларда күнүмдүк жашоого каражат таап алуу үчүн кичинекей арабачасын сүйрөп жүргөн жана бензин куюучу бекеттерде иштеген жаш балдарды кезиктиребиз. Алардын ден соолугунун начарлап кетишине кысталган турмуш, абанын таза эместиги, мектептин жылыбашы, жетишсиз жарык, отурган орундарынын санитардык-гигиеналык нормага туура келбеши жана тое тамактанышы терс таасирин тийгизүүдө.

Эмгектенүүдө, окууда жана үй тиричилигинде иштөөдө өмүр коопсуздугуна үйрөтүү, окутуу жана тарбиялоо иштери төмөнкү абалда калган. Бул багытта бир максатка багытталган ата энелерде, мектепке чейинки мекемелерде, мектепте, кесипчилик окуу жайларында үзгүлтүксүз системада коопсуздукка тарбиялоо жана окутуу практикалык жактан жок болуп жатат.

Кыргыз Республикасынын эмгекти коргоо боюнча Закондору Жогорку кеңеште талкууланып, Президенттин указы менен 1992- жылдын 1-апрелинен баштап күчүнө кирген. Мындан башка эмгекти коргоо маселелеринин негизги уюткусу Кыргыз Республикасынын Конституциясында белгиленген.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 28 - статьясында :

1. Кыргыз Республикасынын граждандары бардык түрдөгү жана жагдайдагы эмгегинин корголушуна, коопсуздук жана гигиеналык талаптарына жооп берген эмгек шартына, ошондой эле жумушсуздуктан социалдык коргоого алынууга укуктуу .

2. Мамлекет граждандардын кесиптик камылгасынын жана адистик чеберчилигинин жогорулашы үчүн кам көрөт – деп жазылган.

Азыркы мезгилдеги окуу-тарбия процессинин милдети жалгыз гана билим берүү менен чектелбестен, ошол тармакта эмгектенгенде коопсуз иштөөгө үйрөтүү болуп саналат .Окуучулардын эмгегин коргоодо сабак берген мугалимге айрыкча милдет жүктөлөт. Анткени, ал мугалим лабораторияда, кабинетте, өнөрканада окуу ишин жүргүзүп жаткан учурда коопсуз иштөө ыгына үйрөтүп, машина, материал иштетүүгө арналган ар кандай жабдуулар менен кокустуксуз иштөө үчүн шарт түзөт .

Эмгекке тарбиялоонун эң маанилүү проблемаларынан болуп эмгектенген адамдарды коопсуз иштөөгө үйрөтүү талабы эсептелет. Бул маселе ата-эненин, мектептин, атайын жана жогорку окуу жайынын жана коомчулуктун аракеттеринин биримдигине жетишүү аркылуу чечилет .

Коопсуз иштөөгө үйрөтүү үй-үбүлөөдөн башталат. Үй-бүлөөнүн чарбалык жана экономикалык маселелерин чечүүдө ата-эне биринчи кезекте, баласына коопсуз иштөө

ыкмаларын көрсөтүп, тарбия ишин жүргүзүшү керек. Андан кийин коопсуз иштөөгө тарбиялоо мектепке чейинки мекемелерде, мектепте, орто жана жогорку окуу жайларында системалуу түрдө улантылышы зарыл. Башкача айтканда, жогоруда көрсөтүлгөн окуу жайларында үзгүлтүксүз билим жана тарбия берүү маселесин чечүү азыркы мезгилдин негизги талаптары болуп саналат .

Азыркы коом билимдүү, аң сезимдүү, дене тарбиясы чың, акыл эмгегин күч эмгегине байланыштыра билген, өнөр жайдын, айыл чарбасынын бардык тармагына активдүү катышкан инсанды тарбиялап, пайдалуу жана өндүрүмдүү эмгектенүүгө үйрөтүүнү талап кылып отурат. Ушул убакытка чейинки коюлуп келген эмгекке үйрөтүү маселеси терең изилденип, эмгектенүү процессинде коопсуз иштөөгө үйрөтүү жана тарбиялоо жеткиликтүү даражада чечиле элек. Эмгек процессинде адам өзүнүн өмүрүн сактай билген жана ден соолугуна зыян келтирбеген ыкмалар менен иштеген учурда гана толук максатына жетти деп айта алабыз. Окутууну өндүрүмдүү эмгек менен байланыштыруу, окуучуларды үзгүлтүксүз уюштурулган коомдук пайдалуу эмгекке тарбиялоо, коопсуз иштөөгө үйрөтүү педагогика илиминин негизги милдеттери болуп саналат. Эмгекке тарбиялоо жана политехникалык окутуу, кесипке багыттоо маселелери Кыргыз педагогдору тарабынан бир кыйла изилденген. Ал эми жаш өспүрүмдөрдү коопсуз эмгектенүү ыкмасына тарбиялоо жана үйрөтүү маселеси педагогика илиминде толук чечиле элек деп айтсак жаңылбайбыз. Жаш өспүрүмдөрдүн учураган кырсыктарын анализдеп көрсөк, көп травма алуу жол кырсыгынан (1-4 класс), дене тарбия сабагында, эмгекке үйрөтүүдө жана химия, физика лабораторияларында сабак өтүүдө боло тургандыгын билгизди. Мындан башка травма алуу окуу тарбия участогунда иштөөдө, мектептен тышкаркы иштерди аткарууда, ата-энелерине жардам берүүдө, өрт учурунда боло тургандыгы белгилүү болду.

Өмүр коопсуздугуна окутуу концепциясын иштеп чыгуунун педагогикалык негиздерин аныктоодо төмөнкү маселелерди аткаруу өтө зарыл болуп саналат:

1. Кыргыз Республикасынын 1992-жылы февраль айында Жогорку кеңеште кабыл алынган эмгекти коргоо законунда «Эмгекти коргоо» атайын сабак катарында мектепте окутуу маселеси каралган. Бул закон турмушка ашырылбай жатат. Россия федерациясында биринчи класстан баштап 11-класска чейин 400 саат өлчөмүндө өмүр коопсуздугу боюнча сабак өтүлөт, атайын окуу китептери жазылган. Ал сабак орто жана жогорку окуу жайларында улантылат. Бизде да өмүр коопсуздугу боюнча мектептерде атайын сабак окутуу кечиктирилгис маселе.

2. Россия федерациясында өмүр коопсуздугу боюнча жогорку окуу жайларында атайын адистерди даярдашат. Бизде дагы бул маселени чечүү керек. Жок дегенде мугалимдердин билимин өркүндөтүү институттарында атайын курстарды ачып, ушул адистикке даярдоо кечиктирилгис иш.

3. Мектепке чейинки тарбия берүү мекемелеринде, мектептерде өмүр коопсуздугуна тарбиялоо иштерин жолго коюп, алар ата-энелер менен бирдикте иш жүргүзүүсү зарыл .

4. Өмүр коопсузугуна үйрөтүүнү коопсуздук алиппесин үйрөтүүдөн баштоо керек. Бул үчүн адис авторлор тарабынан коопсуздук алиппеси түзүлүшү керек.

5. Мектеп окуучулары көп кырсыкка көчөдө, жолдо жүрүүдө учурап жаткандыгы баарыбызга белгилүү. Өмүр коопсуздугу боюнча окуу китептери мурда Россиянын китептеринен кыргызчага которулган. Бирок китептин мазмуну биздин шартка толук бойдон (трамвайда, метродо жүрүү эрежеси) туура келе бербейт. Ошондуктан биздеги

транспортко, жолдорубузга туура келген окуу китебин түзүү керек. (Авторлор тарабынан 1-4 класстар үчүн окуу куралы түзүлгөн, жарыкка чыгуу алдында турат).

6. Өмүр коопсуздугу сабагын дидактикалык негиздерин иштеп чыгуу менен бирдикте, аны окутуу методикасын да иштеп чыгуу керек.

7. Өмүр коопсуздугу сабагын окутуу менен бирге коопсуз иштөөгө тарбиялоо иши да көмүскөдө калбоосу тийиш.

Кийинки мезгилде республикабызда ар кандай кырсыктар чыгып, өзгөчө кырдаал түзүлүүдө, (Барскоондо уу заттын төгүлүшү, Сузакта суу ташкыны ж.б.). Республикабызда жер титирөө болбойт деп эч ким кепил боло албайт. Ошондуктан табиятта болуучу кырсыктардан сактануу, өзгөчө кырдаалда психологиялык жактан туруктуулукка тарбиялоо иштерин жүргүзүүнү турмуш өзү талап кылып отурат.

Өмүр коопсуздугу сабагын балдар бакчасынан тартып, атайын орто жана жогорку окуу жайларына чейин үзгүлтүксүз системалуу түрдө окутуу керек. Ошондуктан адегенде мектепке чейинки өмүр коопсуздугуна тарбиялоо маселелерине токтолуп кетмекчибиз.

Мектепке чейинки балдарды бала бакчаларда жана яслилерде тарбиялоо ишинде көп кырдуу татаал тарбиялык иштерди жүргүзүү жана аларды ар тараптуу тарбиялоого багыттоо милдеттери коюлат.

Мектепке чейинки балдар мекемелеринде өмүр коопсуздугун сактоого шарт түзүү айрыкча мааниге ээ болот. Негизгиси тарбиялануучулар үчүн кырсык болбогондой кылып имаратты жабдуу, ушул мекемеде коопсуздуктун негизги жоболорун үйрөнгөн жашоо-турмушута колдонуп кеткидей тарбиялоо негизги иштерден болуп саналат. Бала бакчада коопсуздукка шарт түзбөй туруп, келечекте өмүр коопсуздугуна тарбиялоо жөнүндө сөз болууга тийиш эмес

Мектепке чейинки балдар мекемелеринде сакталуучу коопсуздук техникасынын негизги маселелерине токтолуп өтөлү.

Мектепке чейинки типтүү балдар мекемелери эки кабаттуу имараттан турат. Биринчи кабатта кенже жана орто группадагы балдарды, экинчи кабатына улуу группадагы тарбиялануучуларды жайгаштыруу керек. Эки кабаттуу балдар бакчасынын балкону балдар түшүп кетпегендей жыш, тик, бийик темир тор менен тосулуп, чердакка жана авариялык тепкичке чыгуучу эшиктер атайын шит менен жабылып, кулпу менен бекитилип, керек болгондо гана дароо ачкандай шарт түзүү керек. Кулпунун ачкычы бакчанын күзөтчүсүндө болуп, кырсык болуп калса, тезинен ачып берет. Авариялык тепкичтер жана запас эшиктер аркылуу өрт жана башка кырсык болгон учурда тарбиялануучулар дароо эшикке чыгып кетиши зарыл.

Терезе ичин көздөй ачылып илгич менен бекитилет. Терезенин айнегин балдардын тазалоосуна такыр тыюу салынат. Балдарды кысып калбаш үчүн, эшикке пружина бекитүүгө болбойт.

Балдар бакчанын имаратында дайыма көзөмөл иштерин жүргүзүп, пол жана потолоктун бекем болушуна, водопроводдун, канализациянын, газ өтүүчү түтүктөр оң электр зымдарынын изоляциясы арчылбаган, гүл өстүрүүчү идиш кулап кетпегендей бекитилген жана башка кырсыктар болбогондой шарт түзүшүбүз керек.

Өрткө каршы коопсуздуктун эрежелерин аткаруу, жетекчиге айрыкча көңүл бурууну талап кылат. Ал бир кызматкерге өрткө каршы инвентарь менен иштей билүүсүн үйрөтөт. Бул үчүн өрт коопсуздугунун кызматкерлерин чакырса деле болот.

Балдар мекемесинде өрт коопсуздугуна жооп берүү түздөн-түз башчыга жүктөлөт.

Өрт коопсуздугун камсыз кылуу үчүн «Мурдагы СССР агартуу министерствосунун мектептерде, мектеп интернаттарда, балдар үйлөрү, мектепке чейинки жана башка окуу-тарбия мекемелери үчүн өрт коопсуздугунун типтүү эрежесин» үйрөнүүнү уюштуруу керек. Өрттүн чыгуу себеби болгон электр жабдууларын дайыма текшерип, өрттүн болбосуна көзөмөлдүк кылынат.

Өрткө каршы коопсуздуктун эрежелеринин кичине эле бузулушуна башчы дароо чара көрүшү керек. Бул аткарылган иш балдардын өмүрү үчүн көрүлгөн камкордук болуп саналат.

Балдар бакчасынын тарбиялануучуларына кинофильмдер көрсөтүлүп калса, ал үчүн атайын өрт коопсуздук эрежеси бар. Ушул эрежени так аткаруу керек. Тарбиялануучулардын кенже группасын биринчи кабатка жайланыштырып, балдар бакчасынын күзөттөгү кызматкерлери коопсуздук эрежесин көздүн карегиндей сактап, кырсыкка учурап калган же ооруп калган балдарга өз убагында жардам берүүгө даяр болуусу зарыл. Балдар бакчада ысык суу же тамак менен денесин күйгүзүп албоосуна көз салабыз. Электр тогунун булагына туташтырылган электр чайнектин ж.б. электр куралдарынын электр зымына чалынып ысык сууну төгүп денени күйгүзүп алуу коркунучтары бар. Мына булардан сак болуу керек.

Балдар бакчасынын сырттагы аянтынын бийиктиги 2м кем болбогон темир тор менен тозулуп, тарбиялануучулар атайын ылайыкталган эшиктер менен гана кирип чыгышат. Бакчага тиешеси жок кишилердин кирүүсүнө уруксат эмес. Эгерде тарбиялануучулар сыртта жайгашкан дараткананы пайдаланса, анын тешигине түшүп кетпегендей кичине өлчөмдө жасалат. Кыш жана жаз мезгилинде бакчанын үстүндөгү кар эрип, муз тоңуп калып, балдардын башына түшүп калуусу мүмкүн. Ошондуктан карды, музду убагында тазалап, коопсуз шарт түзүлөт.

Тарбиялануучу балдар бакчанын тегерегинен көчөдөн уу өсүмдүктөрдү жеп алуусунан сак болуп, уулу чөптөр ушул аянттарда болбоосу керек. Бул үчүн уу чөптөрдүн сүрөтүн жана алардын кургатылган гербарийин «уулуу чөптөрдү оозго салууга болбойт» деп жазылып коюлат.

Ушул жерде Каракол шаарынын Ленин көчөсүндө жайгашкан, балдар бакчасында тарбиялануучу эки бир тууган кыз менен болгон кырсыкты айта кетүүнү туура таптым. Алар дем алыш күнү көчөдө ойноп жүрүп гүлдөп турган мыянын (дурман) уругун жеп жатканын көчөдө өтүп бара жаткан мугалим көрүп, аларды дароо медициналык тез жардамга алып барып, дарыгердин жардамы менен ичеги-кардын тазалатып, ортончу группада тарбияланган кыздын өмүрүн сактап калган. Ал эми кенже группадагы кыз уулу чөптү көп жеп алгандыгына байланыштуу өмүрүн сактап калууга мүмкүн болбой калган. Мында балдар бакчада адамды өлтүрө турган уулу чөптөр жөнүндө маалымат алган эмес, натыйжада өлүмгө учурап жатат.

Балдар бакчасынын аянтында алма, өрүк ж.б. жер-жемиштер өстүрүлөт. Мына ушуларга уулу дары чачкан убакытта аларды жегенге болбойт. Дарылаган күнүн көрсөтүп алардын даамын татпоо жөнүндө кулактандыруу жазып коюп, дарынын күчү кеткенге чейин атайын көзөмөлдөө иштери уюштурулат.

Каракол шаарындагы (азыркы Токтогул атындагы лицейде) бир нече жыл мурда мындай кырсык болгон. Мектептин жанындагы жашаган адам алмасына уу чачкан. Ал жөнүндө мектепке, окуучуларга эскертип, эч кандай кулактандыруу жазылбаган. Мектептин окуучулары эрте бышуучу алмалардан жеп алын, массалык түрдө ууланууболгон. Мугалимдер убагында билип калып, дароо көрсөтүлгөн медициналык жардамдын аркасында окуучулардын өмүрүн сактап калган.

Тарбияланууччулар өз алдынча бакчадан чыгып кетпөөсүнө көңүл бөлүп, кечинде баланын ата-энеси, тууугандары жана ага табыштаган адамдарга же болбосо ата-энесинин ишеничи боюнча гана берүү керек. Кийинки кысталган мезгилде балдарды барымтага алып, ата-энесинен көп суммадагы акча талап кылган учурлар кездешип эле жүрбөйбү.

Бакчаны электр жарыгы менен жетиштүү камсыз кылып, терезелерди терезе жапкыч менен тосуп салбай, отургуч, стол терезге жакын жайланышып, терезенин жарыгы балдардын сол жагынан түшүү керек. Жарык жетишсиз болсо бала өбөктөп отуруп организминин туура өсүшүнө терс таасирин тийгизет.

Балдар бакчасы керосин лампасы, шам, чөнтөк фонары менен жабдылат. Кокустан өчүп калса, булар жарык берет. Тарбияланууччуларды дарыгерге көрсөтүп, алардын сунушу боюнча айрымдары көз айнек кийүүгө туура келет.

Тарбиячы балдар менен көчөгө сейилге чыккан учурда канча бала менен чыкканын так билип, айрым бир тарбияланууччуларды бакчага калтырууга туура келет. Буларга көз сала турган тарбиячы бөлүнөт. Сейилге чыкканда тарбиячы менен кошо бакчанын дагы бир кызматкери бөлүнүп, тарбиячы балдардын алдында ал балдардын артында болот. Балдардын сейилге чыгуучу маршруту көчө кыймылы сейрек болгон көчөлөр менен жүргүзүлүп, маршруттун схемасын бакчанын жетекчиси бекитет. Бул маршрутту жергиликтүү мамлекеттик автоинспекция кызматкерлери менен макулдашып койсо, андан бетер жакшы. Балдар менен көчөгө чыкканда жолдо өтүүчүлөргө тоскоол болбос үчүн тратуардын оң жагы менен жүрүү жана тратуары жок жерде жолдун чети менен транспорттун кыймылына каршы басуу, көчөдөн өтөөрдөн мурда токтоп туруп сол жагын кароо, жолдун ортосуна жеткенде оң жагын кароо керек.

Жол эрежесин билбөөнүн жана бузуунун натыйжасында канча адамдар кырсыкка учурайт. Ошондуктан жолдо жүрүү эрежесинин элементин балдар бакчасынан баштап үйрөтүү максатка ылайыктуу болуп, кырсыктан тышкары болууга өбөлгө түзөт.

Күндүн өтө ысык күндөрүндө балдар дайыма баш кийимин кийип, мүмкүн болушунча көлөкө жерлерде болуусу зарыл. Кийинки илимдин жетишкендиктери күндө мезгил-мезгили менен болуп туруучу күчтүү ядролук реакция болоорун ачты. Күн өтө ысык тийген учурларда ошондой эле бүркөктө, жаанда, тайгалакта, чагылган чартылдап турган учурда көчөгө чыгууга уруксат этилбейт.

Сейилге чыгуу үчүн балдар бакчасынын жетекчисинин жазуу түрүндө уруксаты болуп, коопсуздукту сактоого атайын жоопту адам бөлүнүп, сейилдикте жүрүү маршруту бекитилет.

Бакчада температуралык режимди дайыма көзөмөлдүккө алып нормада кармоо керек. Мындан башка электр жарыгы (кызытма лампа күндүзгүдөй нур берген лампа) жаратылыш жарыгы нормага туура келгендигин текшерип балдардын жүрө турган жерлери дайыма жарык болуусу зарыл. Мындан башка бакчаны таза аба менен камсыз кылуу үчүн атайын шамаалдаткычтар коюлат.

Физкультура залындагы жабдуулар бекем бекитилип коопсуздуктун баардык талабын канагаттандыруусу зарыл. Бала бакчанын мектепке чейинки мектептин бардык кызматкерлери санитардык-гигиеналык эреженин аткарылышына дайыма көз салуусу талап кылынат. Анда медициналык кызматкерлердин болушуна карабастан, эреженин бузбоо үчүн жетекчи жоопкерчиликте экенин унутпоо керек. Ал бардык кызматкерлерден санитардык, коопсуздук эреженин так аткарылышын талап кылат.

Башчы агартуу ишин жүргүзүү менен бирге, медициналык кызматкерлер менен биргелешип, мекемеде санитардык-эпидемияга каршы режимдин сакталышын күн сайын текшерүү ишин жүргүзөт. Тамак аш берүүчү жайда санитардык-гигиеналык шарттын туура сакталышын айрыкча текшерет. Санитардык-эпидемиялык станциялардын кызматкерлеринин айткан сунуштарын убагында аткарып, бардык кызматкерлерди медициналык кароодон өткөрүү керек. Тарбиялануучулар жугуштуу оорулар (кызамык, дифтерия, скарлатина, грипп ж.б.) менен ооруп калгандарын жуктурбоо үчүн ооругандарды бөлүп, алар дайыма дарыгердин көзөмөлүндө болушат.

Ата-энелер менен иш жүргүзүүдө, балдарды ар тараптан шайкеш өнүктүрүүнү жана тарбиялоону, алардын саламаттыгын сактоону жана чыңдоону, аларга эмгектин эң жөнөкөй практикалык көнүгүүлөрүн коопсуз иштөөгө үйрөтүү жана эмгекти сүйүүгө тарбиялоо, мектепке баруучу балдарды даярдоо боюнча үй-бүлөөлөр менен мектепке чейинки мекемелер тыгыз кызматташтыкта болуу керек. Бала бакчага баласын алып келгенде ата-эне биринчи жолу башчы менен кездешет. Бул кездешүүгө жетекчи дайым даяр болуп, аңгемени өзү жүргүзүп төмөнкүлөргө көңүл буруу керек:

- ата-энелер менен аңгемелешүү учурунда баласы алардын сүйлөшүүсүнө катышпаганы дурус. Анда ачык сүйлөшүү болуп, башчы бала жөнүндө толук маалыматты алууга аракет кылат;
- бала бакча жөнүндө толук маалыматты берип, балдарды кабыл алуу эрежесин балдарын убагында алып келбесе өткөрүлүүчү иштерге катышпай калаарын эскертип, баланын бир туугандарын ата-энесинин кесиби, баласы үйдө кандай оюндар менен ойноп, бош убактысын кандай өткөргөндүгү жөнүндө кеңири маалыматты алат.
- ата-эне бала менен группага барып, тарбиячылар, балдар жана группалык бөлмө менен тааныштырып, баланы бакчага келишин бардыгын күтө тургандыгы эске сала кетүү ылайыктуу.

Мындан башка балдардын коопсуздук эрежеси жөнүндө ата-энесине эскертип, ошол эрежелерди үйдө сактоону талап кылууну алардан өтүнөт. Мына ошентип өмүр коопсуздугуна тарбиялоо боюнча бакча менен үй-бүлөөнүн биргелешкен ишинин башаты башталып, ушундай ачык сүйлөшүүдөн кийин ата-эне менен бакчанын ортосунда келечекте жүргүзүлүүчү тарбия ишинин уюткусу түзүлөт.

Жеке аңгемелешүүлөр, тарбия ишинде сунуштар айтылат. Балдар бош убактысын кандай өткөргөндүгү, ата-энесине берген жардамдары, ойногон жерлерде өмүр коопсуздугуна коркунучтуу шарттар жокпу карап көрөт. Тарбиячы ата-энелердин үйүнө барууда алардын балдары өзүнө теңтуш балдары менен дөңдөн чанасына отуруп алып зуулдап түшкөнүн көрөт. Ошол дөңдө жакын жерде туурасынан автомобиль жолу өтөт экен. Жол тайгак болгондуктан чана менен автомобиль дароо токтой албайт. Мында баланын өмүрү жөнүндө кандай кырсык күтүп тургандыгын чечмелеп отуруунун зарылчылыгы жок.

Ушул өңдүү материалдарды ата-энелери менен болгон чогулушта эскертип айтса, тарбиячынын мааниси жогору болуп саналат. Анда балдардын эмгектерин көрсөтүү, атайын газета чыгаруу, балдарды тарбиялоо боюнча адабияттар менен тааныштыруу, фотомонтажды жасалгалоо ата-энелер үчүн «ачык эшик» уюштуруу бакчаны үй бүлөө менен болгон байланышын чыңдап тарбия ишинде чоң мааниге ээ болот.

1960-жылдардан баштап официалдуу каттоодон өтпөгөн үй-бүлөөлүк типтеги өзүмдүк бешик үйлөр пайда болду. Адатта алар төмөнкүдөй түзүлөт. Пенсияга чыккан

улгайган аял, көбүнчө мурдагы медсестра же бешик үй кызматкерлери бир жаштан эки жашка чейинки балдардын белгилүү өлчөмдө акча алып багып берүүгө макулдашат. Көбүнчө экиден төрткө чейинки бала багат. Аларды багуу менен күнүнө тамактандырып, баккандыгы үчүн саатына же күнүнө эсептеп акчасын алат.

Жакынкы эле мезгилде СССРде өзүмдүк-жеке менчик ишмердүүлүктөргө укук бузуу катары мамиле жасагандыгы белгилүү. Жеке менчик бешик үй, бала бакчаларда да мамиле ушундай болгон. Ыңгайлуу үчүн «үй-бакча» деп аташкан бешик үйлөр менен бала бакчалардын уюштуруучуларды жалпыга белгилүү кылып жарыялоого мүмкүн эмес болгон. Алардын тажрыйбасы ушу мезгилге чейин изилденбеген, ойлонулган эмес. Бул жерлерде иштер көбүнчө баланы гигиеналык таза багуу, белгилүү күн режимин сактоо, баланын коопсуздугуна көз салуу, ата-энеси алып келген китепчелерди, оюнчуктарды пайдалануу, ырларды үйрөнүү менен гана чектелишкендиктерин көрсөтүүгө болот.

Биздин республикабыздагы мектепке чейинки тарбия системасын изилдеген көрүнүктүү окумуштуу профессор М.Р. Рахимова мындай деп көрсөтөт: - «Бизде жеке менчик мектепке чейинки балдар мекемелеринин келечеги барбы? Батыштын цивилизациялуу өлкөлөрүнүн тажрыйбасы идеологиялык, психология-педагогикалык мааниде бир багыттуу мамлекеттик мектепке чейинки тарбия системасын жеке менчик бакчаларды да кошкондо көп тармактуу түрлөрү көп болгондо гана кыйла оптималдуу болорун көрсөтүп турат. Келечекте бизде да жеке менчик мектепке чейинки балдар мекемелерди алардын башка түрлөрү менен катар эле татыктуу өз ордун табышы мүмкүн. Ошондуктан азыртадан баштап эле ушул түрдөгү чет элдик тажрыйбаны жана бизде болгон ушул жагдайдагы үлгүлөрдү үйрөнүүнүн түздөн-түз мааниси бар. Анткени ошол жерде пайда болгон педагогикалык жагдайларды илимий көзкараштa ойлонууга, жеке мектепке чейинки мекемелердин жакшы тажрыйбасын пайдаланууга, мүмкүн коомдук тартипте республикалык балдар фондусунун негизинде бири-бирине туура келүүчү кандайдыр бир нормалуу талаптарды иштеп чыгуу керек. Бирок, албетте, эч качан алардын ишмердүүлүгүн бир чекке салып, декрет менен бекитүүгө болбойт.

Азыркы базарлык мамилелердин калыптануу шартында бала бакчаны жеке бир адам же бир топ адам, көбүнчө бакча башчысы жетектеген тарбиячылар коллективи арендага алган учурларды кезиктирүүгө болот. Бирок алардын иштерине көп демөөрчүлөрдү (спонсорду) издеп, каражат табуу маселеси алардын чыгармачылык ишине тоскоол болууда.

Жаңыдан пайда болуп, өсүп келе жаткан «бешик үй», «үй-бакча», «бешик-үй-бакча-мектеп» балдар комплекси келечекте айрыкча көңүл бөлө турган мекеме болуп саналат. Буларды өз алдынча каалагандай иштетпестен мамлекет тарабынан көңүл бөлүнүп, атайын каттоодон өткөрүп аларды жогорку квалификациялуу тарбиячылар менен камсыз кылып, алар үчүн мамлекет тарабынан бекитилген жобонун программасынын негизинде иштегендей шарт түзүп, мектепке чейинки тарбиянын бардык суроолоруна жооп берген учурда гана жогоруда көрсөтүлгөн мекемелер максатына жетти деп айтууга болот.

Эгерде ушул жаңыдан өркүндөп келе жаткан бешик үй, бешик үй-бакчалар өз алдынча жеке менчик катарында уюшулуп, аларды пенсияга чыккан, тарбиячысы жооп бере албаган кемпирлерге берип койсок, анда мындан жакшы натыйжалар чыкпайт. Алар мектепке чейинки балдардын жаш өзгөчөлүгүн, коопсуздукка тарбиялоонун негиздерин билбей, мектепке чейинки өспүрүмдүн психология менен педагогикадан түшүнүктөрү жок болот.

Ошондой эле баланын жекече сапаты, анын ой жүгүртүүсү, кылык жоругу, эмнеге кызыккандыгы тарбия ишинде эске алынууга тийиш. Азыркы базар экономикасынын шартында менчик агартуу мекемелери, мектеп, педучилища, мектепке чейинки бала бакча, бешик бакчалары пайда болууда. Ушулардын ичинен менчик бешик бакчаларын ардактуу эс алууга чыккан педагогдорго берсек максатка ылайык болоор эле.

Мектепке чейинки тарбия билим берүү системасын кайра калыптандыруу, жаңыдан пайда болгон мекемелерге ак жол каалоо агартуу тармагындагы иштердин негизгиси. Анткени мектепке чейинки мекемелер тарбия, билим берүүнүн башаты болуп саналат. Үй-бүлөө менен мектепке чейинки мекемелер өз ара тыгыз байланышта болуп, алдыга жалпы максат коюп бирдиктүү тарбия иштерин жүргүзгөн учурда гана алдыга койгон максатка жете алат.

Жаштарга комплекстүү тарбия берүү, бардык жактан жакшы адаттарга калыптандыруу, ата-эненин, мектептин, мектепке чейинки мекеменин жана коомчулуктун биргелешкен аракети менен чечилмекчи. Анткени бала төрөлгөндөн эле тартипсиз, адепсиз болбойт. Таланттуу болуу табыйгаттан болсо, адептүү, эмгекчил болуу - тарбиядан. Баланын адепсиз болушуна өзгөчө ата-эне жана коомчулук күнөөлүү. Анткени жаштардын жүрүш-турушуна кайдыгер карабай андагы майда жат көрүнүштөрдү өз учурунда жоюп, туура багыт берүү жана дайыма бирдиктүү талап коюу керек. «Адам жаман эмес, үйрөнгөн адат жаман» деп абдан таамай айтылган нуска сөздөр бекеринен эмес. Ар кандай терс көрүнүштү, туура эмес иштелген ишти, өзүнүн өмүр коопсуздугуна зыяндуу аракетти убагында эскертип баланы туура жолго салуу керек.

Чындыгында бир да ата-эне өз баласын жаман болсун дебейт. Бирок бардык эле үй-бүлөөнүн шарты, тарбиясы бирдей эмес. Тарбиялоо иши татаал жана узак убакытты талап кылат. «Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат» деген макал ушундан айтылса керек. Кичинесинен тартып эмгекке үйрөтүү, өмүр коопсуздугуна тарбиялоо, чындыкка көнүктүрүү, тазалыкты сактоого, улууларды урматтоого көңүлүн буруп, адептүүлүккө, туруктуулукка, коомчулуктун мүдөөсүн жогору коюуга үйрөтүү керек.

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР


1. Н.К. Крупская О дошкольном воспитании. -М., 1973.
2. М.Р. Рахимова. Кыргыз Республикасында мектепке чейинки тарбия системасынын өнүгүшү. -Б., 1993.
3. М. Казакбаев. Мектепте эмгекти коргоо. -Ф.: Мектеп, 1990.